А.Осмонбеков атындагы №2 жалпы билим берүүчү орто мектебинин 8 - « а » классынын окуучулары жана ата-энелери менен түзгөн класс жетекчинин **КЕЛИШИМИ.** 2021-2022- окуу жылы.

Окуучунун аты жөнү: Оролбекова Асема

Атасынын аты же апасынын аты жөнү: Кенжебаева Назира

Жашаган дареги: Жанымбаев Атыкул

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын «Балдардын укугу жөнүндөгү Конвенциясынын» негизинде төмөндөгүлөргө милдеттенебиз:

**АТА - ЭНЕЛЕРДИН МИЛДЕТИ:**

- Балдарыбыздын терен билим жана тарбия алуусу учун мугалимдери менен тыгыз байланышта болууга, өз мезгилинде ата-энелер жыйналышына катышууга.
- Баламды (кызымды) сабакка өз убагында жөнөтүүгө, себепсиз калтырбоого жана окуу куралдары менен толук камсыз кылып турууга, таза кийинип, тыкан жүрүүсүн камсыздоого.
- Баламын ден соолугу боюнча мугалимге маалымат берип турууга жана баламды санитардык-гигиеналык каражаттар менен камсыз кылууга.
- Баламдын өздүк гигиенасын сактоону көзөмөлдөөгө жана мектепке убагында келүүсүн жана кетүүсүн көзөмөлдөөгө.
- Баламдын (кызымдын) толук өздөштүрө албаган предметтеринен кошумча сабактарды уюштуруп берүүгө жана мектеп формасын камсыздоого.
- Сабактан кийинки бош убактысын көзөмөлгө алууга жана баламдын (кызымдын) достору, классташтары менен жакындан таанышууга.
- Мектепке уюлдук телефонду көтөрүп баруусуна тыюу салууга жана мектептен сырткары баламдын жүрүш-турушуна өзүм жооп берүүгө.

**КЛАСС Ж ЕТЕКЧИНИН МИЛДЕТИ:**

- Сабакка 15 минута эрте келип окуучулардын катышуусун жана сырткы көрүнүшүн көзөмөлдөөгө.
- Окуучулардын окуу куралдарынын сакталышын кароого, тийиштуу чара көрүүгө.
- Класстагы дежурлардан класс таза, сабакка даяр болуусун талап кылууга жана сабактарга бирдиктүү форма менен келишин көзөмөлдөөгө.
- Ата-энелер арасында дайыма педагогикалык түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен ата-энелер жыйналыштарын өткөрүүгө.
- Класстан тышкаркы иштерди, тарбиялык сааттарды өз убагында өткөрүүгө жана техникалык, өрт коопсуздук жана кылмыштуулуктун алдын алуу иштерин жүргүзүүгө.
- Класстагы окуучулар менен иш алып барып, окуу процессин учурунда окуучуларга түздөн-түз жооп берүүгө.

**ОКУУЧУНУН МИЛДЕТИ:**

- Окуу прецессине толугу менен катышууга, мектептин ички эрежелерин аткарууга жана жүрүм-турум эрежелерин сактоого.
- Мектептин буюмдарын көздүн карегиндей сактоого, сабакты себепсиз калтырбоого жана жолдо жүрүүнүн эрежелерин, өрт коопсуздугун эрежелерине баш ийүүгө.
- Класс кабинеттердин, корридорлордун санитардык-гигеналык абалынын тазалыгын көзөмөлдөөгө.
- Ар кандай диний уюмдарга, дискотекаларга, кафе-ресторандарга, кечки клубдарга катышпоого.
- Өз алдынча тоого чыгууга, экскурсияларды уюштурууга.
- Класс жетекчи жана ата-эне менен бирдикте иш алып барууга.

**АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН СОЦ АДИСИНИН МИЛДЕТИ:**

- Зордук зомбулукка кабылган окуучуларды тактоого жана иш чараларды уюштурууга, моралдык-психологиялык жардам көрсөтүүгө.
- Мектеп жашындагы окууга тартылбаган окуучуларды тактоого жана мектеп жетекчилигине көмөктөшүүгө.
- Жардамга муктаж аз камсыз үй бүлөлөрдү тактоого жана материалдык жардам көрсөтүүгө.
- Жарандык документтерди тактоого жана юридикалык жардам көрсөтүүгө.
- Ички жана сырткы мигранттардын окуу жашындагы балдардынын үй шарты менен таанышып чара көрүүгө.

**МЕКТЕПТИН СОЦ ПЕДАГОГУНУН МИЛДЕТИ:**

- Камкордукка жана асыроого муктаж болгон балдарга зарыл жардам көрсөтүүгө жана балдар иштери боюнча комиссиянын иштерине катышууга.
- Балдар менен ата-энелердин мамилесинин жакшырышына көмөктөшүүгө.
- Ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга.
- Балдарды социалдык жактан коргоого, колдоо, алардын өмүрү менен ден-соолугун сактоо боюнча иш чараларды жүргүзүүгө.
- Жүрүм туруму бузулгандарга, турмуштук кыйын кырдаалга тушуккандарга, камкордукка муктаж болгондорго, өзгөчө муктаждыгы бар окуучуларга жардам берүү.

*Эскертүү: Келишимдеги милдеттерди аткарбай коюуда баласын окуудан чыгаруу маселеси мектеп администрациясы тарабынан каралат.*

*Окуучунун ата-энеси:* Кенжебаева Н. Тишенбаев Н.

*Окуучу:* Оролбекова Асема

*Класс жетекчиси:* Алымкулова Анара

*Айыл өкмөтүнүн соц адиси:* Жээнбекова Айнура

*Соц педагог:* Надырбеков Нурлан